**УДК 72:745(045)**

**И.Т. Молдалиева**
И.Раззаков атындагы КМТУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, Кыргызская Республика

**I.T. Moldalieva**
Razzakov Univeristy, Bishkek, Kyrgyz Republic

moldalievai@mail.ru

## ШАХ-ФАЗИЛЬ КҮМБӨЗҮНҮН ИЧКИ ЖАСАЛГАСЫ

## ВНУТРЕННИЙ ДЕКОР МАВЗОЛЕЯ ШАХ-ФАЗИЛЬ

## THE INTERIOR DECOR OF THE SHAH FAZIL MAUSOLEUM

*Шах-Фазил күмбөзүнүн тарыхына жана буга чейинки иликтөөлөрдүн жүрүшүнө кыскача серeп жасалды жана ошондой эле бул архитектуралык эстеликтин ички оригиналдуулугу изилденди жана талдоого алынды.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *архитектуралык жасалга, эпиграфика, арабеска, мавзолей, изилдөө.*

*В статье дан краткий обзор истории изучения мавзолея Шах- Фазиль а также исследование и анализ оригинальности интерьера данного архитектурного памятника*
***Ключевые слова:*** *архитектурные орнаменты, эпиграфия, арабеска, мавзолей, исследование.*

*A brief overview of the history and history of the study of the mausoleum of Shah Fazil a, as well as research and analysis of the originality of the interior of this architectural monument*
***Key words:*** *architectural ornament, epigraphy, arabesque, mausoleum, research.*

**Киришүү.** Шах-Фазил күмбөзүн изилдөө иштери 19 кылымдын ортосунда башталып, ал жөнүндө макалалар жарыкка чыга баштаган[1]. Айта кетсек 1928-1951-жылдары Шах-Фазилди Б.Н.Засыпкин эки жолу изилдеген. Мына ушул Б.Н.Засыпкиндин мазмундуу жана маанилүү изилдөөсүнө таянып башка авторлор азыркыга чейин иликтөолөрдү жүргүзүп келишет.

1983-жылы В.Д. Горячевдин “Орто кылымдын шаарлар борбору жана Кыргызстандын архитектуралык ансамблдери” деген илимий-популярдуу жыйнагында Шах-Фазил күмбөзү жайгашкан Мазар шаарчасы жөнүндө тарыхый археологиялык баян жасаган жана Шах Фазилдин өмүр баянын изилдеген.

1982-84-жылдары эстеликти реставрация иштери жүргүзүлүп, ал куполдун үстүнкү бөлүгүн кайра төшөөдөн жана интерьердин архитектуралык жасалгасынын сынып жоголгон фрагменттерин калыбына келтирүүдөн турган. Долбоорлоо жана реставрациялоо иштерин “Кыргызреставрация” илим изилдөө долбоорлоо институтунун адистери аркылуу ишке ашырган.

Шах-Фазиль мавзолейинин курулушу тууралуу так маалымат жок, Б.Н.Засыпкин өзүнүн алгачкы эмгектеринде Шах-Фазилькүмбөзүн 13 кылымда курулган деп божомолдогон, кийинчерек ал күмбөз 11-кылымда курулган деген бүтүмгө келген [3]. Б.Н. Денике 12-13 кылымга таандык десе[4], А.Н. Бернштам күмбөздүн курулушун 13 кылымдын аягы 14 кылымдын башына таандык деп чечкен [5], ал эми архитектор В.Е.Нусов Шах-Фазиль күмбөзүн бир канча жолу изилдеген окумуштуу катары, бул тарыхый эстеликти 11-

12 кылымга таандык деп белгилеген[6]. В.Д.Горячев күмбоздүн эпиграфикалык жазууларынын негизинде, эстеликти 12 кылымга таандык деп эсептеген[7]. Жогоруда айтылган окумуштуулрдын ой толголордун негизине таянып, Шах-Фазиль күмбөзүн курулушун 11-12 кылымга таандык деген пикирге биз да кошулабыз, анткени анынын ички жасалгасы, куруу ыкмасы Караханид доорундагы архитектуралык имараттарга жакындыгын айгинелейт. Бул туралуу макалада кененирээк төмөндө кайрылабыз.

**Талдоо.** Борбордук Азия архитектурасынын бул ири тарыхый-архитектуралык комплекси ар кыл доорлордун эстеликтерин бириктирет. Күмбөз Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областында, Ала-Бука районундагы Гүлистан айылынын түндүк-чыгыш четинде жайгашкан. Комплекстин курамына жаратылыш эстелиги – ыйык Арча-Мазар тоосу жана 18-19-кылымдагы коло доорунун эстелиги кирет. Кийинчерээк комплекске 19-кылымдагы Аламбердардын күмбөзү, ыйык Гермит үңкүрү, Шах-Фазилдин күмбөзү жана Сафид-Буланд мавзолейи кирген.

Эстеликке жалпы мүнөздөмө берүү үчүн анын сырткы формасына кыскача токтоло кетсек. Күмбөз таштак пайдубалдын үстүнө курулган, план боюнча эстеликтин, тышкы өлчөмдөрү 11,12х11,16м чарчы болуп саналат[8]. Имараттын пайдубалы жана плинтус лесс эритмесиндеги акиташ блокторунан турса, дубалдарды төшөөдө чопо эритме пайдаланылган, бирок тигиштери ганч менен саймаланган. Жооптуу курулуштар - аркалар, куполдор, парустар - ганч эритмесинен курулган. Күмбөздүн дубалдары “тычок-ложок ” системасынын негизинде иштелип чыккан, ушундай эле ыкма менен куполдун алдыңкы бөлүгү жасалган, ал эми ортоңку бөлүгү тычок системасы менен гана курулган.


Күмбөздүн куполунун сырткы астынкы бөлүгүнүн формасы, өзгөчө көңүл бургууга татыктуу, сырткы төрт дубалдын 5 метрдей жеринде туурасы 20 сантиметрдей текче бар, текченин үстүнөн дагы 1,54 м бийиктикке көтөрүлөт. Андан кийин 30 см чакан текчеден кийин купол таянып турган сегиз кырлуу көлөм турат. Бул сегиз бурчтуу көлөмдүн бурчтары үч тепкичтүү кесилип, арка сымал белдемчи орнотулган. Анын артында 1,1 м бийиктикте 0,36 м кыры бар купол көтөрүлөт. Күмбөздүн жалпы бийиктиги 15 метрди түзөт (1- сүрөт).



1-сүрөт. Мавзолей Шах-Фазиль. Жалпы көрүнүш.

Шах-Фазил күмбөзүнүн ички жасалгасы изилдөөчүлөрдүн өзгөчө кызыгуусун туудурат. Деникkенин айтуусу боюнча «Бүткүл Орто Азияда жер бетинде таптап оюу ыкмасы күмбөздө абдан кеңири колдонулган жана азыркы убакка чейин сакталып калган...» [9]. Күмбөзгө киргендеги биринчи таасир эстеликтин ички беттеринин формаларынын монументалдуулугу. Күмбөздүн төрт дубалынын кенен эместигине карабастан, полдон куполдун чокусуна чейинки ярустардын жана тегиздиктердин бир-бирине шайкеш айкалышуусунан жана күмбоздүн бийиктигинен улам ички мейкиндик кенен көрүнөт. Тилекке каршы күмбөздүн дубалдарынын 40 пайызы, куполдун 60 пайызынын жасалгасы бузулуп калган, бирок бул анын монументалдуулугун жана интерьердин байлыгынын таасирин азайтпайт.

Күмбөздүн ички жасалгасынын ажайып көркөмдүгү, оригиналдуу композициясы , ар кандай оюм чийимдердин түрлөрүнүн үндөш жанан карама каршы жайгашуусун колдонуу жолу аркылуу ачылат, мисалы, чарчы жарым тегерек контурлар, тегерек медальондор жана рельефтер, оймо-чиймелүү чектер, графикалык оюу деталдары жана эпиграфиялар, жылмакай ак беттер жана бир калыпта жасалгаланган тегиздиктер менен айкалышып турат.



*2*-сүрөт.Шах-Фазиль кумбөзү. Жара кесилиши

Күмбөздүн ички жасалгасынын сүрөтөмсүн торт бурчтуу дубалдын панелдеринен оюм чийимдеринен баштасак жаңылышпайбыз.

Ички панель, жазы бордюрлар менен үч тарабынын чектелген графикалык оюу техникасынын жардамы менен оюлган тик паннодон турат. Тасмалар үч тилкелүү, ортосу көк түстө, сырты ак түстө. Фон сызыктар сыяктуу эле оюу техникасында спираль бүчүрлөрү жана жалбырактары менен толтурулган. Панелдин үстүңкү бөлүгү ийри жээктүү (фестончатый) аягы беш бөлүкчөсү бар аркадан турат. Капталдарында панелдин үстүндөгү арка тармал жана жалбырактуу розетка түрүндөгү оюулар менен толтурулган. Дубалдардын астыңкы бөлүгү талкалангандыктан панелдин бийиктигин жана вертикалдуу чектерин аныктоо мүмкүн эмес. Сыягы, пол панелден алкак же өтүк (поясок или сапожок) менен бөлүнгөн.

Паннолордун кайышын (пояс), экинчи жазы оюм-чийимден куфий жазуусу бар тилке бөлүп турат. Мындай куфий жазуусу бар тилке азыркы күндө үч жеринде сакталып калган

Дубалдагы кең курда 16 чоң чарчы панно жайгашкан, ал дубалды үзгүлтүксүз курчап турат. Ар бир панно бурчтарында жарым тегерекчелер бар квадрат түрүндөгү медальондордон турат, ал эми оюм чийимдуу тоголок розетка анын ортосуна орнотулган. Медальондун фонун, спираль, сабак, жалбырак турундогу графикалык манерада иштелген жыш оюмдар толуктап турат

Он алты тоголок розетканы эки тайпага бөлсө болот: сегиз розетка тегереги жазуу менен курчалган рельефтүү оюм ыкмасында жасалса, калган сегиз розетка жазуусу жок жылмакай шакекчелер менен графикалык оюу ыкмасы колдонуулуп жасалган.

Розеткалардын композициясы үч тилкелүү жайык ленталардан турат анын четки тилкелери ак түстө болсо ортосу көк түстө жасалып, жалпак графикалык оюм ыкмасыныңдагы оюм-чийимдердин фонунда, жарашыктуу көрүнүп турат. Рельефтүү розеткаларда геометриялык оюм -чийимдер жайгашкан, анын фонун тармалчалар, жалбракчалар кошумчалайт.



3-сүрөт. Шах-Фазиль. Жазы оймо чиймелүү алкак

Дубалдардын төрттөн бир бөлүгүн туурасы 68 см томпок жазуусу бар чоң фриз толуктайт. Фриз эки капталынан астыңкы бөлүгүндө кичинекей текче жана үстүңкү бөлүгүндө парустардын ярустарынын негизи катары кызмат кылган чоң тик бурчтуу кыр




4- сүрөт.Шах-Фазиль. Түштүк -батыш парустары

менен чектелген. Фриздеги жазуунун тамгалары чон сүйрү рельеф менен эркин жайгашкан. Фриздеги тамгалардын артындагы фон анын түзүлүш өзгөчөлүгүн баса белгилеп майда розеткалардан жана майда спирал түрүндөгү тармалчалардан турат.

Фриздин үстүнкү кыры чек ара (бордюр) түрүндө жасалган, анын ар бир тарабында өз оюм-чийими бар. Фриздин чек аралары (бордюр) татаал сүрөттөрү жанан майда жумушту кылдат жасалгасы менен өзгөчөлөнүп турат.

Парустун ярустары, күмбөздүн ички мейкиндигинде, өзүнүн ар кандай ийилген тегиздиктеринин айкалыштары жана чоң көлөмү менен өзгөчөлөнүп турат. Аркалар эки жээкте жасалган, алардын биринчи жээги тармал сымал (фестончатый) түзүлүшкө ээ. Арканын түзүлүшү тен жактуу уч бурчтуктуу, бийиктиги 2,62 м ди түзөт, анын өзөгү 3 м турат. Аркалар негизинен бир аз чоюлган учтуу көлөмдүү жана эки борборлуу түзүлүшкө ээ. Арканын сымбаттуулугу анын кырларындагы ийри жээк (фестоны) чек араларында. Чек аралардын ичинен парустун жарым аркасынын көндөйүн экиге бөлүп турган "пружина сымал оюм чийим" өзгөчө көнүл бурдурат. Аркалардын тимпандары да кесилишкен жарым тегерекчелерден турган чек аралар менен жээктелген.



5-сүрөт. Шах-Фазил. Пружина сымал оймо-чийме

Тимпандын өйдөкүдбулун -бурчтарында тоголок розеткалар жайгашкан. Бурчтардагы парустардын четтери да ийри жээктер менен чектелип турат. Ал эми парусттун борбордук бөлүгүндө башында үчтүү ромб түрүндө жана астында өсүмдүк чылбыры сымал оюм-чийими бар чокулуу тоголок медальон жайгашкан. Парустун ярустарынын аркасынын уяларында, ак жылмакай гипстен жасалган тегерете жазуусу бар эң чоң төрт розетка бар. Үч розетка алты бурчтуктун огуна курулган геометриялык мотивге ээ. Төртүнчү розетка чырмалышкан төрт бурчтуктан турган оюм-чийимдерден турат. Парустун ярустарын «керемет куфий» стилинде үзгүлтүксүз куфий жазуусу бар тилке аяктайт. Тамгалардын үстүнкү бөлүктөрү кээ бир жерлерде жалбырактардын тармалдарына айланат же учтары кескин тегеректелген, башкача айтканда тамгалар өсүмдүк оюм чиймелерине жакындашат.

Куполдун сакталып калган астынкы бөлүгү, купалдын жасалгсы божомолдуу кандай экендиги тууралуу түшүнүк берет. Сегиз оюм чийимдүү алкак, жазуусу бар сегизкырдын бурчтарынан башталган, ал жогорулаган сайын эки бөлүккө болүнүп мүмкүн купалдын үстүнкү бөлүгүндө кандайдыр бир геометриялык фигураны түзгөн. Куполдун үчтүү четтери ярустун четтерине окшоп графикалык оюм ыкмасында тармал жээктүү арка менен тегерете курчалган. Арканын ичинде тоголок розеткалар, ошондой эле ийри жээктүү алкактар менен курчалып турат.
Купалды арка жана жылдызчаларга бөлуп турган оюм-чийим алкактар рельефтүү келип, дубалдын тегиздигинен 3-4см чыгып турат.

Шах-Фазиль күмбөзүнүн ички жасалгасынын бирден бир баалулугу анын стилинин өзгөчөлүгүндө. Күмбөздүн стилдик жеткиликтүүлүгү , анын ар кандай стилдик булактардын айкалышуусу менен келип чыгышы.Мисалга алсак: Күмбөздүн розеткаларынын жана медальондордун ири болушу VI-VIII кылымдарга мунөздүү болсо ,ошол эле учурда алардын жаны мезгилге таандык оюм -чийимдердин (гирих )негизинде жасалышы кызыгуу жаратат. Күмбөздүн розеткаларынын, медальондорунун жана четтеринин композициялык негизин тасмалуу тилкелер жана үч катмарлуу сызыктар түзгөн, анын борбордук тилкеси көбүнчө ак

же көк түскө боёлгон. Ал эми жалбыракчалар , бутакчалар, тармалчалар сыяктуу оюмдар түздөн- түз баш ийишип, шайкеш келип турушкан.

Күмбөздүн ички жасалгасынын жалпы көркөмдүк таасири анын архитектуралык элементтеринин , жана ошондой эле графикалык, рельефдик оюмдардын бир бири менен шайкеш келүүсү менен өзгөчөлөнүп, жогоруда белгиленгендей, декоративдик композициялар күмбөздүн полунан баштап куполдун чокусуна чейин дубалдарынын бардык тегиздиктерин камтыйт.

Күмбөздүн оюм-чийимдери толугу менен эки техниканы негизинде жасалгаланган-графикалык оюм жана рельефтик оюм. Графикалык оюмду жасоо жолу түздөн-
түз ганч чапталган дубалдын беттине атайын кескич менен оюм чийимдер түшүрүлгөн. Шах Фазиль күмбөзүнүн графикалык оюму Б. П.Деникенин божомолдоосу боюнча, бул техника, метал оюу техникасынан келип чыккан. Ал эми Шах Фазиль күмбөзүнүн графикалык оюму 1925ж ачылган Х кылымга таандык Афрасиаб Михрабынын графикалык оюмуна окшоштук бар экенин белгилеп кеткен.

Рельефтүү оюм кенири жайылган жантык тилке жолу менен, тик тилке ишке ашкан. Мисалы тик тилке ыкмасы фондорду оюп алууда, жылмакай рельефтерди жасоодо колдонулса, эки сызмалар жантык тилке жолу менен ишке ашкан.

Шах-Фазиль күмбөзүнүн ички жасалгасында ийри жээктүү түзүлүш өтө кеңири колдонулган. Алсак, буларга парустун ярусунун аркаларындагы ийри жээктери, бурчтардагы парустардын көңдөйлөрндөгү оюм түрүндөгү ийри жээктери, чоң-чоң розеткаларды тегерете курчаган ийри жээктери жана куполдогу тик алкактарындагы ийри жээктери мисал бөлуп бере алат.

Орто Азиядагы эстеликтердин ичинен ийри жээктүү аркалардын көбүнчөсү алгачкы орто кылымдарга таандык. Мисалы 9 кылымда салынган Искадардагы белгилүү мечиттин михрабы, Тимдеги Араб Ата күмбөзү (Х), Мешхеди и Мисриане(Х), ордуктардын архитектуралык комплексинин ортончу күмбөзү, Таш Рабат караван сарайынын жасалгалары да ийри жээктүү аркалар менен коозддолгон.

Шах-Фазиль күмбөзүнүн эпиграфикалык жазуулары да архитектуралык жасалга сыяктуу өзгөчөлөнүп турат. Эпиграфикалык жазуулар күмбөздүн көркөм-архитектуралык келбетинин жалпы негизине шайкеш келип турат. Ортоңку Азиянынын көптөгөн эпиграфикалык жазууларынын ичинен Ирандын Савэ шаарында XI кылымда курулган күмбөздүн ганч менен жасалган фризиндеги тамгалар Шах Фазиль күмбөзүнүн биринчи ярусунун (алкакта) жазуулары менен окшоштук байкалат.

Тилекке каршы күмбөздөгү куфи жазуулардын чанда-чанда жерлери гана сакталып калгандыктан жазууну чечмелөө кыйынчылыктарды жаратат. Парустун ярусунун астында туурасынан жазылган куфи жазууларынын М.Е. Массон жазуунун кээ бир гана сөздөрүн чечмелеген, анда “шахид”, “ханака”, “сарай”, “Аллахдан башка кудай жок, Мухаммед анын элчиси” деген жазуулары сакталып калган.

Розетканын тегерегиндеги жазууларда куфи кол жазмаларына таандык жана курандын тексттеринен турат. IX-XI кылымдарга таандык көркөм кол өнөрчүлүк чеберлери, өздөрүнүнүн чыгармачылыгын айлана-чөйрөдөн, архитектуралык имараттардын жасалгаларынан шыктанышкан, ошол мезгилде жазылган кээ бир чопо буюмдардан көрө алабыз. Алардын биринен дубалдын коозддолуп оюлган четтинде, шамрок (трилистник) менен толкун түрдө жарым тегерекче сызыктар жайгашкан, ушуга окшош мотив парустун аркасынын архивольтунун чек арасында жайгашкан, дагы бир чопо буюмда X-XI кылымда кенири жайылган сызыктан турган үч бурчтук оймо-чийме мотиви, Шах-Фазильдин ички панелинин алкагындагы көркөм жазууга окшош. Ал эми X-XI кылымга таандык Хивадагы Джума мечитинин оюп жасалган мамычасынын тулку боюнун алкагы Шах-Фазильдин алдыңкы панелинин чек араларын эске салат. Андан тышкары Шах-Фазильдин чек араларында, розеткаларында медальондорунда орун алган үч бурчтуу, алты бурчтуу сеткага салынган рельефдик оюмдардын мотиви Хульбука (X-XI) хансарайынын ганч сыныкчаларынан көрө алабыз.

**Корутунду.** Шах-Фазиль ички жасалгасынын оймо-чиймелери алгачкы орто кылымга таандык. Муну жогоруда айтылган, салыштырылган мисалдар менен далилдей алабыз. Буга кошумча Шах-Фазильин медальондун жана розеткада жайгашкан гирих оюм чийимдер башка эч бир архитектуралык оюм чийимге окшошпойт, алар оргиналдуулугу менен өзгөчөлөнүп турат, муну биз жергиликтүү элдин чыгармачылыгынан пайда болгон оюм-чийимдер деп айта алабыз.

Шах-Фазиль күмбөзүнүн ички жасалгасынын шайкештигин, анын конструкциясын эске алып, анын оюм-чийим жана көркөм жасалгасын сереп жасап төмөндөгү жыйынтык чыгат: чындыгында Шах-Фазиль күмбөзүнүн ички жасалгасы алгачкы орто кылымдагы архитектуралык эстеликтердин ичинен эң оригиналдуу, ал жергиликтүү оюм-чийимдерди жана Орто Азиянын оюм-чийимдерин өзүнө камтып, башка архитектуралык жасалгалардан өзгөчөлөнүп турат.

## Адабияттар тизмеси


1. Щербина-Крамаренко Н. По развалинам Средней Азии [Электронный ресурс] -Режим доступа: **http://www.kyrnatcom.unesco.kz/culture/shakh-fazil.htm**
2. Горячева, В.Д. Средневековые городские центры и архитектурные ансамбли Киргизии [Текст] / В.Д.Горячева. - Фрунзе:1983. – с. 106-136.
3. Засыпкин, Б.Н. Памятники архитектуры Киргизии [Рукопись] / Б.Н. Засыпкин. – Фрунзе: 1958. - 98 с.
4. Денике, Б.П. Архитектурный орнамент Средней Азии [Текст] / Б.П.Денике. - М.: 1939. – 70с.
5. Бернштам, А.Н. Архитектурный памятники Средней Азии [Текст] / А.Н.Бернштам. - М-Л.: 1950. - с. 86-95.
6. Нусов, В.Е. Архитектура Киргизии с древнейших времен до наших дней [Текст] / В.Е.Нусов. - Фрунзе: 1955. - с. 30-35.
7. Горячева, В.Д. Средневековые городские центры и архитектурные ансамбли Киргизии [Текст] / В.Д.Горячева. - Фрунзе:1983. – 132 с.
8. Иманкулов, Д.Д. Мавзолей Шаха-Фазила-выдающийся памятник раннеисламской архитектуры Кыргызстана [Текст] / Д.Д. Иманкулов. – Бишкек: 2002. – 40 с.
9. Денике, Б.П. Архитектурный орнамент Средней Азии [Текст] / Б.П.Денике. - М.: 1939. – 72 с.